**Пикир**

**Ферхат Барыш саясий илимдер (23.00.02– «саясий институттар, процесстер жана технологиялар» адистиги) боюнча «Шайлоо компанияларынын заманбап саясий технологиялары: салыштырма анализ» деген темада саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн аткарылган диссертациясына илимий жетекчисинин пикири (кыргызча жазылган)**

Мырза Ферхат Барыш 2013-жылы Кыргыз-Түрк «Манас» мамлекеттик университетинин «журналистика » адистиги боюнча жогорку билим алган, 2015-жылы К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык Университетинин аспирантурасына тапшырып, менин илимий жетекчилигимдин алдында илимий темасы боюнча теориялык жана колдонмо ыкма менен изилдөө жумуштарына киришкен, шайлоо өткөзүү методологиясын жана теориясын үйрөнгөн.

«Шайлоо компанияларынын учурдагы заманбап саясий технологиялар: салыштырма анализ» деген темадагы диссертациясы менен изилдөө иштерин аспирантурада окуу учурунда улантып, 2019-жылдын тогуздун айында жыйынтыктады жана Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына ылайыкташтырды.

Аспирантурада окуу учурунда ал өз алдынча терең теориялык изилдөөлөрдү жүргүзүү алуусун көрсөттү. Анын кесиптик деңгээли изилдөөдө заманбап ыкмаларды пайдалануу менен коюлган оор маселелерди чечүүгө өбөлгө болду.

Ферхат Барыштын илимий эмгеги шайлоо алдындагы компаниялардын саясий технологияларын изилдөөгө багытталган. Илимий иш теоретикалык жактан шайлоо процессин изилдөөгө, анын көйгөйлөрүн аныктоого жана аларды чечүү үчүн сунуштарды киргизүүгө багытталган.

Мырза Ферхат Барыш тарабынан саясий технологияларды колдонуунун методикалык ыкмаларын негиздөө жана аларды башкаруу

механизмдерин табуу каралган. Ошол себептен, аткарылган ишке практикалык кызык аспирант тарабынан берилген сунуштар болуп саналат.

Диссертация коюлган маселенин мурдагыдай эле маанилүү теория жана практикасына бир катар жаңы көз караштар менен илимди байытып жатат десек да болот.

Мырза Ферхат Барыш тарабынан аткарылган диссертация илимий жактан күмөн эмес бир катар кызыктуу жаңы жыйынтыктарды камтыйт.

Илимий иштин жыйынтыктары эл аралык жана республикалык илимий жыйындарда жана семинарларда билдирилди, толук жана өз убагында басылып чыккан.

Диссертация жазуу учурунда ал саясат тармагында комплекстүү илимий маселелерди чече ала турган, жогорку билимдүү жана демилгечи окумуштуу катары өзүн көргөзтү.

Мырза Ферхат Барыштын кандидаттык диссертация катары сунуштаган эмгеги киришүүдөн,3 баптан, корутунду, колдонулган 160дөн ашык адабияттардын тизмесинен турат.

Биринчи бап шайлоо системасы жана процесси жөнүндө түшүнүктөрүн, концепцияларын жана теорияларын чечмелөөгө арналган. Чын-чынында жогоруда саналган маселелери кыргыз тилинде биринчи ирет жана түшүнүктүү, ишенимдүү баяндалган. Өзүнүн таанып билүүчү баалуулугу менен, маалыматтуулугу менен мамлекеттин саясий жана укук коргоо тарыхы саясаттын калыптануу жолун кабыл алууга алып баруучу таасирдүү курал. Бул изилдөө иши бир гана Кыргызстан менен Турция мамлекеттеринин саясий укуктарын, шайлоо системасын түшүнүүгө эмес, анын келечектеги өнүгүү жолунда саясий технологиялардын ролун көрө билүүгө жардам берет. Аларды талдоосуз жана түшүнүүсүз коомдогу саясий мамилелерди, таптык өзгөрүүлөрдү ж. б. процесстерди жана кубулуштарды толук түшүнүү мүмкүн эмес. Ошондуктан, мырза Ферхат Барыш

Кыргызстандагы жана Туркиядагы саясий түзүлүштүн маани-маңызын, шайлоо жолдорун жана саясий келечегин изилдөөнүн теориялык-методологиялык маселелерди атайын талдоого алганы толук мыйзам ченемдүү көрүнүш жана автор бул татаал, көп жактуу маселени жетишээрлик деңгээлде иликтеген.

Диссертациянын экинчи бапынын Кыргызстан жана Түркия мамлекеттеринин саясий партиялары тууралуу кенен маалымат берилет, тарыхый жана статистикалык булактардын негизинде чыгармачылык менен аткарылган.

Үчүнчү бап Кыргызстандын жана Туркиянын мамлекеттик органдарынын добуш берүү жолу менен калыптануунусун талдоого арналган. Демек, диссертант Ферхат Барыш изденүүдө заманбап ыкмаларды акыл-эстүүлүк менен пайдаланганын саясат илимине кошкон жаңылыгы катары эсептесе да туура болот.

Мырза Ферхат Барыштын кандидаттык диссертациялык жумушу Кыргызстанда саясий илиминдеги биринчи комплекстүү изилдөө катары чыгармачылык менен жогорку деңгээлде аткарылган илимий эмгек. Демек, диссертациялык иш негизинен бүткөн, 23.00.02 – «Саясий институттар, процесстер жана технологиялар» адистиги боюнча расмий коргоого толук татыктуу, анткени, Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын талаптарына жооп берет.

Илимий жетекчи,
п.и.д, профессору: Жоробеков Ж.Ж.

Подпись проф. Жоробекова Ж.Ж. заверяю
Ученый секретарь ИФИ при КНУ
доцент Абриева А.И.